УДК: 801.73: 809.434.1 (043.3)

*Маразыков Т. С., ф. и. д., проф., КР УИАнын корреспондент мүчөсү*
*mturusbek@mail.ru, Ж. Баласагын ат. КУУ*

## КӨРКӨМ ТЕКСТТИ ИЛИКТӨӨДӨ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

*Макалада көркөм текстти иликтөөнүн олуттулугу, зарылдыгы, мындай иштер адамдан көп багыттуу билимди, ар тараптуу даярдыкты талап этери, көркөм текстти иликтөөдө көркөм адабият таануу билиминин болушу, көркөм чыгарманын каймана (подтексттик) мазмунун түшүнүү, адамдадын акыл-сезимине таасир этүү, аларды гумандуу, улуттук, жалпы адамзаттык баалуулуктар менен тааныштыруу керектиги тууралуу илимий маалыматтар берилет.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *көркөм текст, көркөм текстти иликтөө, адабият таануу, көркөм чыгарманын каймана (подтексттик) мазмуну, улуттук, жалпы адамзаттык баалуулуктар, эстетикалык сезүү-туюм, көркөм-эстетикалык маалымат ж.б.*

*Маразыков Т. С., д. ф. н, проф., член-корр. НАН КР,*
*mturusbek@mail.ru, КНУ им. Жусупа Баласагына*

## ОСНОВНЫЕ ТРЕБОВАНИИ ИНТЕРПРЕТАЦИИ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТЕКСТА

*В данной статье рассматривается важная и значимая роль анализа художественного текста, для проведения которого требуется прежде всего разностороннее знание и основательная теоретическая подготовка. В частности, благодаря соответствующему уровню знаний по литературоведению можно достичь правильного понимания скрытого содержания (подтекста) того или иного художественного произведения, природы его эмоционально-эстетического воздействия на массовое сознание, а также проявления в нем национальных, общечеловеческих гуманистических ценностей и идеалов.*

***Ключевые слова:*** *художественный текст, анализ художественного текста, литературоведение, скрытое содержание (подтекст) художественного произведения, национальные, общечеловеческие ценности, эстетическое чувство, художественно-эстетическая информация.*

*Marazykov T. S., PhD, Professor, mturusbek@mail.ru*
*Member of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic,*
*Jusup Balasagyn Kyrgyz National University*

## BASIC REQUIREMENTS FOR THE INTERPRETATION OF A LITERARY TEXT

*This article considers the important and significant of the role for the analysis of a literary text, which requires, first of all, versatile knowledge and thorough theoretical training. In particular, thanks to the appropriate level of knowledge in literary studies, it is possible to achieve a correct understanding of the hidden content (subtext) of this or that literary work, the nature of its emotional and aesthetic impact on the mass consciousness, as well as the manifestation of national, universal humanistic values and ideals in it.*

***Key words:*** *literary text, analysis of literary text, literary studies, hidden content (subtext) of a literary work, national, universal values, aesthetic feeling, artistic and aesthetic information.*

Көркөм текстти иликтөө маселеси көркөм адабиятты окутуу ишинде негизги маселелердин катарына кирет. Ушуга байланыштуу көркөм текстти иликтөөдө зарыл

**4. Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө окуучуга** көркөм адабий чыгарманы терең түшүндүрүү үчүн **көркөм адабият таануу илиминин негиздеринен кабар бере кетүү талабы коюлат.** Анткени көркөм адабият таануунун теориясы, принциптери, түшүнүк-категориялары тууралуу жөнөкөйдөн татаалды көздөй окуучуларда маалымат болбосо, көркөм текстти талаптагыдай иликтөө мүмкүн эмес.

**5. Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө** чыгармадагы **негизги каймана ойду (подтекстти) түшүнүп, өздөштүрүү үчүн мугалимде ыраттуу, логикалуу ой жүгүртүү, ийкемдүү, чыгармачыл ой жүгүртүү, зирек эстетикалык сезүү-туюм** жана **логикалуу сүйлөй билүү көндүмдөрүнүн болушу талап кылынат.** Аталган касиеттерди окуучуга ар кандай жолдор, ыкмалар, каражаттар аркылуу үйрөтүү – мугалимдин алдында турган чоң милдет.

**6. Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө мугалим окуучуларга моралдык, эстетикалык таалим-тарбия берүү милдетин орундатуу талабы коюлат.** Көркөм адабий материалдардагы моралдык, эстетикалык дөөлөттөрдүн негизинде ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо – көркөм адабиятты окутуунун учурдагы негизги талаптарынын бири. **Көркөм чыгарманы иликтөөнүн негизги максаттарынын бири – көркөм текст аркылуу окуучуларды жакшылыкка үгүттөө, аларды адамдык оң сапаттарга ынандыруу.** Адам баласынын бир нерсеге ынанышы, ишениши жеңил-желпи кубулуш, көрүнүш эмес. Адамда кайсы бир нерсеге ынануу көп убакытта жеке тажрыйбанын, көп нерселерге иликтеп байкоо жүргүзүүнүн, кагылып-согулуунун негизинде гана жаралат. Кайсы бир маселеге окуучуну кызыктыруу ынандыруунун башатын түзөт. Анткени кызыгууда ишенимдин негиздери болот, ишеним ынанымдын өзөгүн түзүп турат.

Окуучуда **гумандуулукка негизделген моралдык ынанымды, оң (позитивдүү) дүйнө көз карашты түзүп, калыптандыруу көркөм текстти иликтөөнүн дагы бир маанилүү багыты, талабы** болуп саналат. Адамда жаш кезинен баштап эле ушул маселелердин пайдубалын түзүү абдан зарыл. Моралдык ынанымдын болушу – таалим-тарбия берүүнүн жыйынтыгы. Азыркы учурда төмөнкүдөй моралдык ынаным биздин коом үчүн терең мааниге ээ: а). Мекенди көздүн карегиндей сактоо; б). Ата-энени, урук-тууганды бийик баалоо; в). Өз элинин каада-салтын сактоо, философиясын, тарыхын, маданиятын терең өздөштүрүү; г). Өзүнө болгон ишенимди жаратуу, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү өстүрүү, өзүн өзү түзүү, демилгелүү, активдүү болуу, азыркы заман активдүү, эмгекчил адамдардын заманы экенин түшүнүү; д). Башка бирөөлөрдүн кызыкчылыгын, ой-пикирин, көз карашын урматтоо, өз кызыкчылыгын элдин кызыкчылыгынан жогору койбоо; ж). Руху бийик, маданияттуу, илим-билимдүү, алдыңкы адам болууга умтулуу; з). Ийкемдүү, чыгармачыл ой жүгүртүүгө үйрөнүү ж.б.

7. Көркөм текстке иликтөө жргздө негизги талаптардын бири – окуучунун акыл казынасына таасир этип, анын акылын, чыгармачыл, көркөм ой жүгүртүүсүн, турмуштук көркөм элестөөлөрүн, кабылдоосун ар тараптан өнүктүрүү.

8. Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө көркөм-эстетикалык маалыматтар, көркөм образдар, оригиналдуу, кайталангыс, көркөм ойлор, концепциялар аркылуу окуучунун дүйнө таанымына, дүйнөгө көз карашына, турмуштук ишеним-ынанымдарына, умтулууларына таасир этип, аны адамзаттагы асыл нарк-насилдерге тарбиялоо, багыттоо талабы коюлат.

9. Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө көркөм-поэтикалуу материалдардын негизинде окуучунун жүрөгүнө, сезим дүйнөсүнө таасир этип, анын ички маданиятын, адамдарга кайрымдуу, боорукер, камкор рух-дараметин жаратуу, калыптандыруу жана өнүктүрүү талабы коюлат. ж.б.

Ырас, жогоруда саналып өткөн көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө коюлуучу талаптар негизги талаптар болуп саналат жана аталган маселе тууралуу мындан башка да талаптар болушу ыктымал. Ошондой болсо да, текстке иликтөө жүргүзүүдө жогорку талапкарды эске алуу зарыл деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**

1. Мусаев С. Ж. Текст: прагматика, структура. -Б., 2000. -268 б.
2. Өмүралиева С. Тексттин лингвистикалык теориясы. -Б., 2005. -155 б.
3. Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. -Б.: Учкун, 1993. -210 б.
4. Маразыков Т. С. Текст таануунун теориясы. 2-китеп. - Б. 2014. - 111 б.
5. Маразыков Т. С. Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери. - Б., 2020. - 290 б.
6. Голубков В. В. Методика преподавания литературы. -М., 1962.
7. Рыбникова М. А. Очерки по методике литературного чтения. -М., 1941, 1963.
8. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери - Ф.: Мектеп, 1984.
9. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. ЖОЖдун студенттери үчүн окуу китеби. - Ф.: Мектеп, 1981.
10. Байгазиев С. О. Окутуунун интерактивдик методу. - Б, 2004.
11. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. - Б.: Турар, 2013.
12. Оторбаев Б. К. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. - Б.: Айат, 2011.